174

«Бекитемин»

И.Бийбосунов атындагы Каракол
педагогикалык колледжинин мүдүрү
_____________ Молдосанов С.У.

# КАРАКОЛ ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИНИН КИТЕПКАНАСЫН КОЛДОНУУ ЭРЕЖЕЛЕРИ.

Каракол педагогикалык колледжинин китепканасынын китеп фондусу колледждин мугалимдери, кызматкерлери жана окуучулары колдонуусу үчүн дайындалган.

1. Китеп окуучуларды каттоо жаңы кабыл алынган окуучулар белгилүү өлчөмдөгү кирүү мүчөлүк акысын төлөгөндөн кийин окуу бөлүмүндөгү тизме боюнча жүргүзүлөт. Китеп берүү класс жетекчисинин көзөмөлү астында болот.
2. Жаңы  жумушка кирген мугалимдер жана кызматкерлер мүдүрдүн жумушка кабыл алуу тууралуу буйругуна ылайык каттоодон өтөт.
3. Ар бир китеп окуучу китепканадагы адабиятты колдонуу эрежелерин билем жана аларды аткарганга милдеттенем деген формулярга кол коюшат.
4. Ар бир окуу жылынын башталышында 2,3 жана 4 курстун окуучулары, мугалимдер жана кызматкерлер кайра каттоодон өтүшөт.
5. Ар бир окуу жылынын аякташы менен китепкана  берилген китептерди кайтарып берүү боюнча чара көрүп, китеп окуучулардын формулярларын текшерүүдөн өткөрөт.
6. Окуу жайынан кетип жаткан окуучулардын, мугалимдердин жана кызматкерлердин  «кыдырып кол койдуруу баракчасына» китепти кайтарып бергендигин абдан текшергенден кийин гана кол коюлат.
7. Китеп алып жатканда китеп окуучу китептин бардык баракчалары бар экендигин текшерет, эгерде китеп бузулган, тытылган болсо китепканачыга билдирет, болбосо китептин бузулгандыгы тууралуу күнөө китеп окуучуга жүктөлөт.

8. Китептин барактарын тытканга, сүрөттөрүн кесип алганга, китепке жазганга, беттерин бүктөгөнгө тыйуу салынат (мындай болгондо китеп бузулган деп эсептелинет).
9. Көркөм адабий китеп 20 күнгө берилет.
10. Журнал гезиттер 1 күнгө (көчүрмөсүн алуу үчүн) берилет.
11. Энциклопедиялар жана башка сейрек кездешүүчү, бир экземплярдагы китептер залдын ичинде кана (көчүрүп алуу үчүн) берилет.
12. Ар бир кечиктирген күн үчүн жаза акысы 5 сом.
13. Жоголгон же бузулган китеп базар баасы менен төлөнөт.
14. Китептер окуу жылынын аягында өткөрүлүп берилүүсү керек. Сырттан окугандар ар бир сессиянын аягында тапшырышат.
15. Окуу боюнча карыздарларга карыздарын жапмайынча китеп берилбейт.
16. Кипекананын фондун толуктоо үчүн жылдык мүчө акы 100 сом.

Алиева Н.И. мүдүрдүн ОТИ боюнча орун басары

Акматова А.А. сырттан окуу бөлүм башчысы

Жорубекова Б. пед.практика бөлүм башчысы

Никитенко И.В. бөлүм башчы

Түмөнбаев О.С. мүдүрдүн АЧБ боюнча орун басары

Кожокеев Т.Б. профком төрагасы

Туркин В.В. мугалим